**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д 13.13.008 диссертациялык кеңеши**

**Кол жазма укугунда**
УДК:37. 01(575.2) (043.3)

**КАРАСАРТОВА ЖЫРГАЛ БЕЛЕКОВНА**

# БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИН АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН ИШТӨӨ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек - 2015**

Диссертациялык иш К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Алимбеков Акматали**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Болджурова Ишенкуль Садыковна**

педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. **Сартбекова Нуржан Көөдөевна**

**Жетектөөчү мекеме:** Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасы. Дареги: 720024, Бишкек шаары, Манас проспекти, 101

Диссертация 2015-жылдын __23__ __январь саат __13.00_И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 13.13.008 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги:720026, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү, 51.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2014-жылдын _____23-декабрында_________ таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор** **Калдыбаева А.Т.**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Педагогикалык теория менен практиканын көп кырдуу проблемаларынын ичинен туруктуу салтка айланган актуалдуу маселелердин бири мугалимдерди үй-бүлөнү жана балалыкты коргоо ишине даярдоо болуп эсептелет. Руханий дөөлөттөрү бай жана бекем үй-бүлө бардык мезгилдерде, бардык коомдордун бакыбаттыгынын пайдубалы катары каралган. Анткени, ал өмүр тегирмени катары муун улайт, инсандын рухий байманасын түптөйт. Нарктуу үй-бүлө түшүнүгүнүн маани-маңызы да балдарды тарбиялоо ишинин натыйжалары менен бааланып өлчөнөт. Адамзаттын алп жазуучусу Ч. Айтматов таамай белгилегендей «... адамдын башкаларга кылаар эң чоң жакшылыгы эле үйүнөн Адам болоор балдарды тарбиялап өстүрүү...» [121,21 - б. ][1] «Балдардын эң биринчи жана эң таасирдүү мугалимдери - ата-энелер» (Томас Гордон) - экендиги педагогикалык аксиома.

Бирок, соңку жылдардагы Кыргызстандын социалдык-экономикалык турмушундагы өзгөрүүлөр үй-бүлөнүн таалим-тарбия жаатындагы кылымдап кастарланып келген, табигый салттуу функцияларын толук аткарууга негативдүү таасир этүүдө. Материалдык шарттардын улам үй-бүлөдө араздашуулар күчөп жагымсыз психологиялык климат түзүлүүдө; көптөгөн үй-бүлөлөр руханий дөөлөттөргө, окуу-билим деген түшүнүктөргө кайдыгер карап, кандай жол менен болсо да, эптеп жан багуу менен чектелүү жолуна өттү; түзүлгөн шарттар боюнча үй-бүлөлөр ортосундагы ажырым кескин өсүп, кошумча иш-аракетти талап кылган социалдык-педагогикалык коллизияларды жаратты. Арийне, мамлекет түзүлгөн кырдаалдан чыгуу боюнча адекваттуу иш-аракеттерди жасоодо. Алсак, Кыргыз Республикасынын конституциясынын соңку редакциясында үй-бүлөнүн жоопкерчилиги кыйла күчөтүлгөн. Республиканын президенти А.Ш. Атамбаев 2012-жылды: «Үй-бүлө, тынчтык, ынтымак жана кечиримдүүлүк жылы» деп жарыялап, мамлекеттик органдар тарабынан ата-энелерге балдарды тарбиялоодо кеңеш-көмөк көрсөтүү иш чаралары белгиленген.

Арийне, ата-энелерге кеңеш-көмөк көрсөтүү ишин жогорку сапатта жүргүзүү иш-аракеттери компетенттүү педагогдорсуз жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес. Маселе бүгүнкү күндүн көйгөйлөрүнөн улам эле актуалдашып жаткан жери жок. Алсак, коомдук өнүгүштүн ар кандай этаптарына ылайык балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо, мугалим жана ата-энелер коомчулугунун өз ара кызматташтыгынын көп кырдуу проблемалары Кыргызстандык изилдөөчүлөр А.И. Акулова, Б. Апышев, М.Р. Балтабаев, Ж. Бешимов, А.Э. Измайлов, Н.И.

[1] Айтматов Ч. 5 томдон турган чыгармаларынын жыйнагы. 2-т., - Б., 1999. - 171-б.

Имаева, С. Иптаров, К. Кыдыралиев, З. Кусеинова, М.Р. Рахимова, Б. Тойбаев, А. Акматалиевдердин эмгектеринде каралган. Ал эми болочок мугалимдерди ата-энелер менен иштөөгө даярдоо маселесинин тектеш проблемалардын чегинде А. Алимбеков, А. Аттокуров, Б. Апышев, Н.К. Дюшеева, Б. Муратбаев, Н.С. Шадиев, Ж. Сулаймановалар тарабынан колго алынган.

Республикабыздан чегинен тышкаркы педагогикалык адабияттар фонунда тикеден-тике болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөөгө даярдоого арналган изилдөөлөрдүн катарына И.В. Власюк, Т.Ю. Гущиной, С.А. Корниенко, Г.И. Куцебо, Л.Д. Павлова, Ф.А. Сайфуллин, Т.Н. Ушенина, Т. Неретиналардын диссертациялык изилдөөлөрүн кошууга болот. Ал эми Кыргызстанда болочок мугалимдерди ата-энелер менен иштөөгө даярдоо маселеси азырынча Н.К. Сартбекованын изилдөөсүндө гана каралган. Биринчиден, бул изилдөөлөрдүн көпчүлүгү башка өлкөлөрдүн социалдык–педагогикалык мейкиндигинде мурдагы мезгилдерде жаралган. Экинчиден, мезгилдин өтүшү менен тарыхтын өнүгүшүндө дүйнө өзгөрөт, аны менен бирге бардык социалдык карым-катнаш байланыштары да өзгөрүүгө дуушар болду. Жаңы социалдык кырдаал ага байланыштуу билим берүү парадигмалары ата-энелерди балдарды окутуу-тарбиялоо процессинин *паритеттүү* ээси катары белгилүү компетенцияларга ээ болуу талабын жаратты. Ата-энелердин мындай милдетти аркалап кетүүгө моралдык-психологиялык жактан даярдоо, аларды педагогикалык билим жана билгичтиктердин белгилүү бир көлөмүнө ээ кылуу б.а. аларды өздөрүнүн компетенттүү партнёруна айландыруу мугалимден бөтөнчө компетенттүүлүктөрдү талап этет. Тилекке каршы, болочок мугалимдин мындай компетенциялары жогорку педагогикалык билим берүүнүн мазмунунда жеткиликтүү орун тапкан эмес. Учурда болочок мугалимдерди ата-энелер менен иштөөгө даярдоодо төмөнкүдөй *карама-каршылыктар* ачык байкалат: жаңы өзгөргөн шарттагы мугалимдердин ата-энелердин ишине коюлган талаптары менен жогорку окуу жайларда аларды бул ишмердүүлүккө даярдоонун мазмуну жана технологияларынын ортосундагы дал келбестик; жогорку окуу жайларда болочок мугалимдер менен иштөөгө даярдоонун аракеттерин камсыз кылуунун теориялык жана методикалык негиздеринин иштелип чыкпагандыгынын ортосундагы айырма. Бул проблеманын чечилиш шарттары эң соңку илимий изилдөөлөрдө да айкындалган эмес.

Илим менен практикада орун алган бул көйгөйлөрдөн улам төмөндөгү **проблема** келип чыгат: Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларынын мазмуну кандай болушу зарыл жана аларды кантип калыптандырууга болот?

Белгиленген проблема *«Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу»* аттуу темада илимий изилдөө жүргүзүүгө түрткү болду.

**Изилдөөнүн максаты:** жогорку окуу жайларда болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын айкындоо.

**Диссертациялык иштин темасы** К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын илим изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Мугалимдердин ата-энелер менен иштөө боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун социалдык-педагогикалык өбөлгөлөрүн анализдөө.
2. Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн мазмунун, компоненттерин, критерийлерин, деңгээлдерин айкындоо.
3. Студенттердин ата-энелер менен иштөө боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо.
4. Айкындалган шарттардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде илимий-методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:**

- мугалимдердин ата-энелер менен иштөө боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун социалдык-педагогикалык өбөлгөлөрү анализденди;
- болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн мазмуну, компоненттери, критерийлери, деңгээлдери аныкталды;
- студенттердин ата-энелер менен иштөө боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары айкындалды;
- изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде Кыргызстандын жогорку педагогикалык билим берүүчү окуу жайларынын шартында болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** болочок мугалимдердин башталгыч класс окуучуларынын ата-энелери менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын ишке киргизүүнүн методикасы иштелип чыккандыгы; «Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө кометенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу атайын курстун окуу-методикалык комплекси түзүлүп ишке киргизилгендиги; Студенттер үчүн сабактардын алкагында жана педагогикалык практика мезгилинде ата-энелер менен иштөө боюнча методикалык кеңештер, сунуштар иштелип чыккандыгы менен аныкталат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**

- болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн мазмуну, компоненттери, критерийлери, деңгээлдери аныкталган;

- «Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу атайын курстун дидактикалык-технологиялык модели

түзүлгөн;

- изилдөөнүн натыйжаларынын негизинде илимий-методикалык сунуштар иштелип чыккан.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн мазмуну, структурасы, критерийлери, деңгээлдери;
- болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары;
- жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин студенттери үчүн түзүлгөн «Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу» деген окуу программасын тандоо курсу катары сунуштоо, ал боюнча жүргүзүлгөн эксперименттин жыйынтыктары.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын тастыкталышы (апробацияланышы) жана практикага киргизилиши:**

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизги жыйынтыктары К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин окумуштуулар кеңешинде, «Педагогика жана психология» кафедрасынын жыйындарында, облустук, регионалдык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда, илимий-усулдук семинарларда угулду жана талкууланды. Автор изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарында, усулдук секцияларда лекцияларды окуп, тренингдерди өткөргөн.

Изилдөөнүн негизинде «Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу», аттуу атайын курс иштелип чыгып практикага сунушталды.

**Изилдөө жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары 16 макалада (анын ичинде 2 макала чет өлкөлүк басылмада) чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.**

Диссертациялык иш кириш сөздөн, үч главадан, жалпы корутундудан, адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Диссертациялык иштин толук көлөмү - 149 бет. Ал 14 таблицаны, 3 сүрөттү камтыйт. Пайдаланылган булактардын саны - 280.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ.

Диссертациянын биринчи главасы **«Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу илимий педагогикалык проблема катары»** – деп аталып, мында үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо түшүнүгү такталып, мугалимдердин ата-энелер менен иштөөгө даярдоонун социалдык-педагогикалык өбөлгөлөрү, педагог адистерди ата-энелер менен иштөөгө даярдоо проблемасынын илимдеги изилдениш абалына мүнөздөмө берилди жана ошондой эле, алардын бул багыттагы кесиптик компетенттүүлүгүнүн мазмуну, структурасы, критерийлери, деңгээлдери

айкындалды. Үй-бүлө коомдун баштапкы уюму, же болбосо бул кичинекей, өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон, каада-салт, үрп-адат, түзүлүшү, жазылган, жазылбаган мыйзамдары, ар биринин көп кырдуу кайталангыс проблемалары бар түрдүү көз караштарга, психологиялык абалга ээ мүчөлөрдөн турган чакан мамлекет. «Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодексиинин» 1-беренесинде «Үй-бүлө-коомдун алгачкы уюткусу. Үй-бүлө, аталык, энелик жана балалык - бүткүл коомдун өзгөчө камкордугунун жана айрыкча, мамлекеттин коргоосунун жүйөсү. Мамлекет жарандарды үй-бүлөлүк турмушка, жубайлыкка жана энеликке даярдоону камсыз кылат» деп көрсөтүлгөн *[138,11-б.]*[2].

Көрүнүктүү философтор А.А. Антонов, Н.Я Соловьёв, Р. Ачылова, психологдор А.А. Бодалев, И.В. Бубравина, А.Н. Сухов, И.С. Кон, социалдык педагогика адистери А.В. Мудрик, Н.А. Асиповалардын эмгектерине таянуу менен үй үй-бүлөнүн коомдук – педагогикалык функцияларына төмөндөгүдөй мүнөздөмө берүүгө болот.

Бардык эле коомдук түзүлүштөрдө үй-бүлө өсүп келе жаткан жаш муундарды социалдашуунун эң негизги институту болуп эсептелип келген. Баланын социалдашуу процессинде үй-бүлө *биринчиден,* физикалык жана эмоционалдык (сезимталдык) өсүп-өнүгүү шартын камсыз кылат. *Экинчиден,* үй-бүлө баланын акыл-эс жагынан өсүп өнүгүүсүндө негизги ролду ойнойт. *Үчүнчүдөн,* үй-бүлө балдар үчүн социалдык нормаларды өздөштүрүүнүн башаты. Өзгөчө ата-эне, бир туугандар эл алдындагы инсандык парыз, милдеттер үй-бүлөнүн руханий - педагогикалык абалына ылайык өздөштүрүлөт. *Төртүнчүдөн,* үй-бүлөдө инсандын фундаменталдык мааниге ээ болгон социалдык баалуулук, нарктуулук багыттары калыптанат. Башкача айтканда, үй-бүлөдө ошол коомго, этноско, социалдык топко мүнөздүү болгон тарыхый, маданий өзгөчөлүктөр, турмуштук багыттар, максаттар, пландар жана аларды ишке ашыруу боюнча тажрыйбалар өздөштүрүлөт. Демек, өсүп келе жаткан бала чөйрөнүн жакшы жагын да жана жаман жагын да тез кабыл алат жана андай кабыл алуу, көбүнчө үй-бүлөдөн башталат.

Азыркы цивилизациялык процесстердин баары үй-бүлө турмушуна тикеден-тике таасир этип тургандыктан анын социалдык портрети да тынымсыз өзгөрүү процессин баштан кечирип жатат. Бул кубулуштар айрыкча, үй-бүлөнүн таалим-тарбия функциясын улам татаалдаштырып, толук реализациялоо үчүн ар түрдүү аспектеги изилдөөлөргө карата муктаждыкты жаратууда. Ошондой эле, ортого чыккан проблемалардын бири ата-энелерге компетенттүү кеңеш-көмөк көрсөтүүгө дараметтүү мугалимдерди даярдоо. Бул проблема педагогикалык билимдердин көптөгөн салаалары менен чектеш, алардын негизинде гана чечилет. Ушундан улам диссертациянын алкагында кыргыз үй-бүлөсүнүн балдарды тарбиялап өстүрүү жаатындагы акыл ойлору жана тажрыйбалары жана ошондой эле, үй-бүлө педагогикасы боюнча илимий

---

[2]Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодексии. Б,-2003.- 11 б.

изилдөөлөрүнүн натыйжалары талдоого алынды. Кыргыз коомчулугунда үй-бүлө мекен, улут, дин жана мамлекет түшүнүктөрү менен бирдей даражада жогору бааланып, эң улуу жана ыйык баалуулуктардын арасында орун алып келет. Кыргыз маданиятында үй-бүлө кандай бааланса, бала да ошончолук маанилүү. Үй-бүлөнүн негизги функцияларынын бири-көбөйүү же, өзүнөн кийин туяк калтыруу экендигин төмөндөгү кыргыз макалдары тастыктайт: «Балалуу үй-базар, баласыз үй-мазар» - деп айтылат.

Кыргыз элинде наристенин адам катары өсүп-өнүгүп, анан барып субъект, өзүнүн өнүгүүшүнүн кожоюну, б.а. инсан болуп чыгышында ата-энеге жана үй-бүлө мүчөлөрүнө чечүүчү роль таандык болгон. Бул ойлор «Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт», «Эжени көрүп сиңди өсөт», «Көргөн көргөнүн жасайт, көсөө түрткөнүн жасайт», «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат», сыяктанган макал-ылакаптарда айныгыс туруктуу мыйзам ченемдүүлүк катары катталып калган. Кыргыз эл педагогикасындагы үй-бүлө тарбиясынын баалуулуктары түрдүү жанрдык фольклордук булактар, эмпирикалык маалыматтардын негизинде А.А. Алимбеков, Б. Апышев, Н.А. Асипова., А.А. Аттокуров, И.Б. Бекбоев, Ж. Бешимов, Н.К. Дюшеева, А.Э. Измайлов, А.Т. Калдыбаева, Т.А. Коңурбаев, К. Кыдыралиев, Ж. Орозбаев, Т. Ормонов, М.Р. Рахимова, С. Саипбаев, Н.К. Сартбекова, У. Эгембердиев сыяктуу ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде талдоого алынган. Арийне, бул эмгектердеги рационалдуу этнопедагогикалык билимдер болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө боюнча компетенттүүлүктөрүнүн мазмундук компонентин тереңдетип өркүндөтүүнүн ишенимдүү өбөлгөсү боло алат.

Педагогикалык билимдердин фонунда мектептин, мугалимдин окуучулардын үй-бүлөсү, ата-энеси жана башка жакындары менен кызматташтыгынын педагогикалык мааниси, ал ишти оптималдуу уюштуруунун принциптери, формалары жана методдоруна арналган И. Болдырев, И.В. Гребенников, А.М. Низов, Р.М. Капралов, Л.Ф. Спирин, А.Я. Савченко, Д.С. Ягафарова, И. Корчагина, Н Царенко, Е.И. Холостова, Е.М. Черняк, Е.П. Арнаутова, А.Я. Варга, О.П. Колыпа, Т.А. Маркова, В.Я. Титаренко , В.П. Дубровина Х.А. Тагирова, Т.И. Петрова, Г.Н. Гришиналардын эмгектери да учкай талдоого алынды.

Бул эмгектерде башка маселелер баарында мектепте окуучуларды окутуу тарбиялоонун натыйжалуулугу мугалим жана ата-энелердин бир максатты көздөгөн, тынымсыз, үзгүлтүксүз биримдиктеги иш-аракетинен көз каранды, ал эми анын кайтарымдуулугу, сапаттык натыйжалары мугалимдик кесиптик-педагогикалык компетенттүүлүгүнөн көз каранды деген ой кызыл сызык менен белгиленип өтөт.

Арийне, мындай ой тыянактар «Мугалимдерди ата-энелер менен иштөөгө даярдоо маселеси педагогика илиминде кантип чечилген? Бул аспектте рационалдуу билимдер жана тажрыйбалар барбы? – сыяктуу мыйзам ченемдүү суроолорду жаратат. Ушул ыңгайдан коюлган маселенин илимдеги изилдениш

абалын айкындоого байланыштуу аракетибиз төмөнкүдөй тыянак чыгарууга мүмкүнчүлүк берди.

Мугалимдердин ата-энелер менен иштөө маселелери абалтан эле көрүнүктүү педагог-ойчулдардын көңүлүн буруп келген. Бул багытта иш жүргүзүп келишкен чет элдик чыгаан педагогдордун катарына Я.А. Коменскийди, И.Г. Песталоццини, А. Дистервегди, орус педагогикасынын өкүлдөрү К.Д. Ушинскийди, Н.И. Пирогов, Н.Х. Вессел, П.Ф. Каптерева, А.Н. Острогорский, П.Ф. Лесгафтарды, советтик педагогдор А.С. Макаренко, Н.К. Крупская, В.А. Сухомлинскийлерди кошсок болот.

Алардын мурастарында мектептеги тарбия иши мектеп, мугалим, ата-энелердин ой максаттары бир чекитте кесилишкенде, мектептин тарбия иши үй-бүлөдөгү тарбиянын табийгый уландысы, өнүгүшү катары каралаганда, балдарды тарбиялоо иши ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүдөн башталганда гана таасирдүү, натыйжалуу болот деген корутундулар жана талаптар таризделген.

Каралып жаткан маселенин айрым аспекттери жогорку окуу жайларда мугалимдерди педагогикалык ишмердүүлүккө даярдоого байланышкан О.А. Абдулина, А.И. Пискунов, Б.Т. Лихачев, А.И Мищенко, А.И. Щербаков, В.А. Сластенин, Л.Ф. Спирин, Е.Н. Шиянов сыяктуу авторлордун изилдөөлөрүнүн контекстинде да каралган.

Илимий-педагогикалык адабияттар арасында биздин диссертациябыздын проблемасына тикеден тике тиешелүү эмгектер да бар. Алсак. Л.Д. Павлова болочок мугалимдерди ата-энелер менен иштөө билгичтигин, Ф.А. Сайфуллин айылдык окуучулардын ата-энелери менен иштөө Т.Н. Ушенина кенже класс окуучуларын үй-бүлөдө адептик жактан тарбиялоо боюнча кесиптик педагогикалык даярдыктарын калыптандыруу маселелерин изилдешкен. Тилекке каршы каралып жаткан проблема Кыргызстандын таалим-тарбия мейкиндиги үчүн канчалык актуалдуу болсо да анын жалпы маселелери каралган. Болочок мугалимдердин башталгыч класс окуучуларынын ата-энелери менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун шарттарын айкындоо изилдөөсүнүн милдеттерине кирген эмес.

Биз диссертациябыздын *үчүнчү милдетиндеги* айкындоону талап эткен борбордук түшүнүк бул болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүнүн компененттери, критерийлери, деңгээлдери. Илимий адабияттарда тикеден-тике мындай түшүнүктүн жоктугу аны жаңыдан конструкциялап иштеп чыгуу талабын жаратты. Арийне, аталган маселелерди илимий негизде чечүү адекваттуу методологиялык жана методикалык негиздерди жетекчиликке алууну талап этет. Илимий адабияттарда (С.И. Архангельский, М.Я. Веленский, И.Ф. Исаев, В.Н. Кузьмина, М.М. Левина, А.И. Мищенко, В.А. Сластенин, Е.Н. Шиянов ж.б.) педагогикалык ишмердүүлүккө «даяр болуу», «даярдык» категориялары өз-өзүнчө бөлүнүп каралат. Тагыраак айтканда, «даярдык» процесс, ал эми «даяр болуу» бул процесстин натыйжасы катары чечмеленет. Ал эми кесиптик-педагогикалык

даярдыктын калыптанышы мааниси инсандык мамилелердин контекстинде ачыкталат.

*Компетенттүүлүккө негизденүү (компетентностный подход) түшүнүгү* соңку жылдардын педагогикалык парадигмасы катары билим берүү чөйрөсүнөн тез жана бекем орун тапты. Негизги максаты үйрөнүүчүнүн билими менен турмушка даярдыгынын ортосундагы айрымачылыктарды азайтуу. *«Компетенттүүлүк» түшүнүгү* көп кырдуу табияты аны *«даярдыктын теориялык жана практикалык даярдыктын биримдиги», «билим, билгичтик, ыкма жөндөмдөрдү жүзөгө ашыруу ыкмасы», «компетенцияга ээ болгон адам», «жөндөм, потенциал», «интегралдык мүнөздөмө»* катары ачыкталып жүрөт. Компетенттүүлүккө негизделген кесиптик педагогикалык билим берүү теориясы В.И. Байденко, И.А. Колесникова, А.К. Маркова, А.А. Вербицкий, В.В. Грачев, Э.Ф.Зеер, Т.М. Сорокина Л.М. Митина Н.К. Дюшеева сыяктуу изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде өнүктүрүлгөн. Мугалимдин кесиптик педагогикалык компетенттүүлүгү деген түшүнүк – бул кесипти аркалаган адамдын окуу-тарбия милдеттерин ойдогудай чечүүгө болгон билим, билгичтик жана көндүмдөрүнүн тутуму катары чечмеленет. ( И.А. Колесникова).

*«Кесиптик компетенттүүлүк»* деген түшүнүктүн маңызы жөнүндө бизге аны педагогикалык ишмердүүлүктөгү теоретикалык жана практикалык даярдыктын биримдиги катары чечмелеген В.А. Сластениндин, А.В. Хуторскойдун жана Н.К. Дюшеевалардын позициялары жакыныраак. Бул ыңгайдан алып караганда «мугалимдин компетенттүүлүгү» жана «кесиптик даярдыгы» дефиницияларды түпкү табияты бир түгөйлөш түшүнүктөр катары карасак болот.

Жогорку авторлордун эмгектериндеги теориялык жоболор менен бирдикте биз тарабынан башталгыч класс мугалимдеринин профессиограммасына байланыштуу нормативдик документтер, жогорку педагогикалык билим берүү боюнча стандарттар изилдөөлөр үйрөнүлдү, мугалимдердин эмпирикалык көз караштарын, түшүнүктөрү, компетенттүү адистердин, эксперттердин пикирлери талдоого алынды. Топтолгон материалдарды мазмундук жана статистикалык талдоодон өткөрүү болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларынын мазмунун жана структурасын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берди. Анын мазмунун моралдык-психологиялык, мазмундук жана практикалык компоненттер таризинде мүнөздөп көрсөттүк.


*Моралдык-психологиялык* компонент болочок мугалимдердин окуу – тарбия ишин ийгиликтүүлүгү ата-энелер менен максаттуу биргелешкен иш-аракеттердин көп кырдуулугунан көз каранды ал эми андай иш-аракетти натыйжалуу уюштуруу эң обол өзүнүн бул багыттагы компетенцияларын социалдык турмуштагы өнүгүш өзгөрүштөргө ылайык тынымсыз өркүндөтө билүүсүнө байланыштуу болот деген ишеним ынанымдарын мүнөздөйт.

*Мазмундук компоненттин* көрсөткүчтөрү төмөнкүлөр менен аныкталат: ата-энелер менен иштөө үчүн зарыл болгон салттуу жана илимий педагогиканын каражаттарын билүү; үй-бүлөлүк тарбиянын методологиялык, философиялык негиздерин билүү; ата-энелер менен иштөөнүн каражаттарын, ыкмаларын, формаларын, методдорун билүү; ата-энелер менен иштөөдө кесиптик компетенттүүлүктүн негиздерин билүү; ата-энелердин таалим-тарбия ишмердүүлүгү үчүн педагогикалык билимдерди тандап, иргеп алуу жолдорун билүү; ата-энелер менен иш алып баруу боюнча алдыңкы мектептердин, мугалимдердин тажрыйбаларын билүү. *Практикалык компонент* болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө үчүн зарыл болгон компетенциялар же практикалык билгичтиктер системасынан турат. Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандырууда ар бир компоненттин өзүнчө орду бар бирок, алар биримдикте каралганда гана процесс натыйжалуу, эффективдүү болот. Изилдөөнүн милдеттерине ылайык аталган компоненттерде камтылган компетенцияларды калыптандыруу процессиндеги диагностика иштери үчүн критерийлери иштелип чыкты. Изилдөөнүн локалдык натыйжаларына ылайык андай критерийлер катары төмөнкүлөр аныкталды: окуу тарбия ишин ата-энелер менен биргеликте, кызматташтыкта жүргүзүүгө карата чын-ыкластуу, туруктуу мамиле; ата-энелер менен иштөө үчүн зарыл болгон психологиялык, педагогикалык, этнопедагогикалык билимдердин комплекси; ата-энелер менен иштөө үчүн зарыл болгон кесиптик билгичтиктер.

Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандырууда төмөнкү иш-аракеттеги сапаттык жана сандык өзгөрүүлөрдү талдоодо, «ата-энелер менен болгон байланышта», «ата-энелер менен иштөөдө» деген бирдиктүү педагогикалык процесстерин мүнөздөгөн *жогорку, ортоңку, төмөнкү* үч деңгээлди айырмаладык.

Диссертациялык изилдөөбүздө айкындалган компоненттер алардын критерийлери жана деңгээлдери, калыптаныш мүнөздөмөлөрү баары биримдикте болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларын калыптандыруунун модели демек, акыркы натыйжасы, ориентири катары кабылданды.

Жогоруда келтирилген талдоонун негизинде болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларын калыптандыруунун мазмуну, структурасы, критерийлери жана деңгээлдерин №3 сүрөттө келтиребиз




**1-сүрөт. Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларын калыптандыруунун мазмуну, структурасы, критерийлери жана деңгээлдери.**

Диссертацияда болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу талабын азыркы жогорку педагогикалык билим берүү практикасы кандайча камсыз кылып жатканы талдоого алынды. Бул иштин параметрлерин өлчөп баалоодо биз тарабынан иштелип чыккан теориялык моделдин структурасы жетекчиликке алынды.

**«Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары»** - деп аталган экинчи главада алдыңкы тажрыйба түзүүгө багытталган илимий-практикалык иш-чаралардын мазмуну талдоого алынган.

Изилдөөнүн гипотезасына ылайык болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун төмөнкүдөй педагогикалык шарттарын аныктадык: болочок мугалимдердин ата-энелер менен биргелешип иштөө педагогикалык процесстин эң зарыл компоненти экендигине жана бул багыттагы кесиптик компетенцияларын дамамат өркүндөтүү билгичтигине ээ болууга ынандыруу; болочок мугалимдердин ата-энелер менен биргелешип иштөөнүн теориялык жана процессуалдык аспекттери тууралуу компетенцияларын өркүндөтүү максатында жогорку педагогикалык билим берүүнүн мазмунуна жана технологияларына олуттуу коррективаларды киргизүү; болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана технологиялык аспекттерин түгөл ичине алган жана аларды реалдуу кырдаалдагы практикалык ишмердүүлүккө үйрөтүүгө багытталган атайын курсту ишке киргизүү; педагогикалык практиканын мазмунун болочок мугалимдердин ата-энелер субъективдүү өз алдынча ишмердүүлүк тажрыйбасын калыптандыруу багытында өркүндөтүү.

Окуу процесси жогорку окуу жайларда ишмердүүлүктүн негизги түрү катары системалуу уюштурулгандыктан биз окуу планында орун алган социалдык – гуманитардык, жана кесиптик блоктогу психологиялык-педагогикалык дисциплиналардын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн ачууга аракет кылдык. Диссертацияда «Кыргыз балдар адабиятынын теориясы жана тарыхы», «Философия», «Ата Мекен тарыхы», «Укук таануу», «Педагогикалык кесипке киришүү», «Социалдык психология», «Курак жана педагогикалык психология», «Педагогикалык теориялар, системалар, технологиялар», «Билим берүүнүн жана педагогикалык ойлордун тарыхы», «Кыргыз этнопедагогикасы» сыяктуу дисциплиналардын мазмунун болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларын калыптандыруу багытында *«үй-бүлө-окуучу-мектеп-мугалим-тарбиялоо»* контекстиндеги илимий билимдер жана окуу

материалдар менен өркүндөтүүнүн жолдору айкындалды. Бул ишти жүзөгө ашырууда системдүүлүк жана контексттүлүк принциптерин жетекчиликке алуу ар бир дисциплинанын өз алдынча функциясы болоорун тастыктады. Биринчи топтогу дисциплиналар аркылуу *үй-бүлө-окуучу-мектеп-мугалим-тарбиялоо маселелеринин* тарыхый, философиялык, укуктук, социалдык, этномаданий маңыз-мааниси боюнча теориялык билимдерге ээ кылууга болот. Экинчи топтогу сабактар болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларынын мазмундук компонентин б.а. аларды аталган багыттагы психологиялык-педагогикалык, методикалык билимдер жана билгичтиктерге ээ кылууга көбүрөөк мүмкүнчүлүгү бар. Мында биз Республикабызда бизден мурда жүргүзүлгөн изилдөөчүлөрдүн (А.Алимбеков, А. Аттокуров, Н.К. Дюшеева, Б. Муратбаев ж.б.) эмгектериндеги илимий-усулудук кеңеш-сунуштарды да жетекчиликке алдык. Окуу программалардын мазмунун өркүндөтүүдө биз теориялык билимдердин көлөмү канчалык көп болсо да эгерде ал болочок мугалим тарабынан чын ыкластан өздөштүрүлбөсө кайтарымы анчейин болбостугу жөнүндөгү кесиптик билим берүүнүн дидактикалык талаптарын жетекчиликке алдык. Ошондуктан, аталган дисциплиналардын алкагындагы аткарылган окуу иштерин аларды *келечекте* ата энелер менен иштөөдө керек болуучу билим эмес ошол ишти аткаруунун башталышы ошол иштин дал өзү катары кароого багыттадык. Ошондуктан сабактардын мазмунун долбоорлоодо ата-энелер менен иштөөдө зарыл болгон кесиптик компетенцияларды көңүл борборунда туттук.

Окуу дисциплиналарынын мазмунун өркүндөтүү болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө мазмундук компетенцияларын калыптандыруу багытында зор мүмкүнчүлүктөрдү ачтык, ошону менен бирдикте практикалык компетенцияларын өнүктүрүү үчүн иш-аракеттер толук жетиштүү болбостугун да ачыкка чыгарды. Окуу планындагы мындай кементенин ордун толтуруу зарылдыгы «Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө кометенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу атайын курсту иштеп чыгуу апробациялоо зарылдыгын жаратты. Аталган курстун программалык милдеттерин долбоорлоодо болочок башталгыч класс мугалиминин диссертациябыздын мурдагы бөлүмдөрүндө аныкталган моделинин курамындагы компетенцияларын өнүктүрүүнү көзөмөл туттук. Изилдөөнүн алкагында автор тарабынан атайын курсунун окуу усулдук комплекси иштелип чыккан. Ага ылайык атайын курстун мазмуну киришүүдөн жана 4 бөлүмдөн турду жана алардын ар бири болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун конкреттүү милдеттерине арналды. *Биринчи* ракурстагы материалдар болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөөгө карата кесиптик кызыгууларын, ошол багытта өзүн-өзүн өркүндөтүү мотивдерин өнүктүрүүгө багытталат. *Экинчи* ракурстагы материалдар алардын үй-бүлө, үй-бүлөнүн социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрү, салттары, балдарды тарбиялоо жаатындагы тажрыйбаларынын өрнөктүү жана негативдүү жактары, мектептин, мугалимдердин ата-энелер менен иштөө багытын

регламентациялаган расмий документтер, мыйзамдык ченемдер, илимде калыптанган теориялык көз караштар, инновациялар туралуу көп кырдуу теориялык жана методикалык билимдерди камтыйт. *Үчүнчү* ракурстагы материалдар болочок мугалимдерди ата-энелер менен көп кырдуу тарбиялык иштерди алып баруунун пландарын жана технологияларын иштеп чыгуу боюнча кесиптик билгичтиктерин калыптандырууга багытталат. Ал эми төртүнчү ракурс (бөлүм) өз ишмердүүлүгүндө ар кандай аталган багыттагы ар кандай ыкмаларды, методдорду, технологияларды колдонуу боюнча тренингдерден өтүү сыяктуу практика таламдуу иш-чаралардан турат.

Изилдөө процесси мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу ишинин жалгыз эле билимдердин мазмунун жаңылоо, өркүндөтүү жолу менен чече коюу мүмкүн эмес экендигин көрсөттү. Көптөгөн милдеттер тандалып алынган адекваттуу методикалык стратегияларга жараша чындыкка айланат. Эксперименталдык тажрыйба иштеринде болочок мугалимдердин аталган багыттагы компетенттүүлүктөрүн өзүнүн активдүүлүгү аркылуу өнүктүрүүсү үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөн. Бул максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн сабактарда проблемалык баяндоо, суроо-жооп, аңгемелешүү, талкуу, долбоор, педагогикалык кырдаалды талдоо (кейс-стади), тегерек стол, кластер, сүйлөмдү толуктоо, терминологиялык диктант, сабак арасындагы тест сыяктуу методдор жана ыкмалар колдонулду. Изилдөө процесси жана анын натыйжалары мугалимдерди ата-энелер менен иштөөгө даярдоо ишиндеги жемиштүү, кайтарымдуу методдорду айкындоого мүмкүнчүлүк берди.

Натыйжада атайын курсту окутуу процесси болочок мугалимдердин ата-энелер менен окуу-тарбия ишмердүүлүгүнө жакындаштырылып аны моделдештиргендей шарттарда өткөрүү зарылчылыгын жаратты. Тажрыйбалык-эксперименталдык жумуштардын логикалык жыйынтыгы катары педагогикалык практика эсептелет. Педагогикалык практиканын бардык этаптарындагы изилдөө, маселе чечүү, моделдештирүү мүнөзүндөгү тапшырмаларды аткаруу болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөөгө туруктуу кызыгуусунун жана ишениминин бекемделишине, чыгармачыл-изденүүчүлүк мамилесинин калыптанышына өбөлгө түздү. Бул иш чараларды болочок мугалимдерди ата- энелер менен иштөө компетенцияларынын өнүгүш логикасына ылайык этап этап боюнча улам татаалдашкан системасы диссертацияда кеңири ачыкталган. Бул этаптар болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө боюнча класс жетекчинин иш программаларын анализдеп баа өлчөмүнөн өткөрүүдөн баштап, өздөрүнүн оргиналдуу программмасын иш-чараларын иштеп чыгууга чейинки өнүгүш баскычтарынын баарын өз ичине камтыды.

Тажрыйбалык-эксперименталдык жумуштар биз иштеп чыккан болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө кометенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары эксперимент аркылуу текшерилди.

**«Педагогикалык эксперимент жана анын натыйжалары»** деп

**аталат да мында** болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча үч этап менен өткөрүлгөн эксперименталдык иштердин мазмуну жана натыйжалары талдоого алынган.

Эксперименталдык иштер констатациялоочу, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу этаптардан турду ошол эле мезгилде алардын ар бири, төмөндөгү таблицада чагылдырылгандай, өз алдынча милдеттер, методдор, каражаттар, натыйжалар жана өзгөчөлүктөргө ээ болду.

**Таблица 1. Эксперименталдык иштин этаптары**

**I этап (2000-2003-жж)**

| Макс а-ттар | Милдеттер | Методдор |
|---|---|---|
| Констатациялык эксперимент. | - болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу деңгээлинин баштапкы абалын, кемчиликтерин, себептерин аныктоо;<br>- болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу деңгээлин баалоо критерийлерин жана көрсөткүчтөрүн, иштеп чыгуу;<br>- болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо; | - илимий адабияттарды талдоо<br>- анкета;<br>- салыштыруу<br>- байкоо;<br>- математикалык метод-дор; модел-дештирүү ж.б. |

**II этап (2003-2008-жж)**

| Макс а-ттар | Милдеттер | Методдор |
|---|---|---|
| Калыптандыруучу эксперимент. | - Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча иштелип чыккан шарттардын натыйжалуулугун сыноо жана текшерүү;<br>- иш процессинде экспериментке коюлган материалдарды кафедралардын отурумдарында, конференцияларда талкуулоо, түзөтүү, толуктоо;<br>- калыптандыруучу эксперименттин натыйжасында<br>- алынган жыйынтыктарды талдоо, илимий түрдө негиздөө, жарыялоо; | - долбоорлоо;<br>- системалаштыруу;<br>- калыптандыруучу тажрыйба;<br>- тестирлөө;<br>- тренинг;<br>- моделдештирүү; |

**III этап (2008-2010-жж)**

| Макс | Милдеттер | Методдор |
|---|---|---|

| аттар | | |
|---|---|---|
| Жыйынтыктоо. | - изилдөөнүн жыйынтыктарын коюлган милдеттер жана критерийлер менен салыштыруу, анализдөө;<br>- сунушталган каражаттардын эффективдүүлүгүн аныктоо;<br>- окуучулар, мугалимдер, педагогикалык практиканын жетекчилери үчүн аталган багыт боюнча илимий-методикалык сунуштарды иштеп чыгуу;<br>- изилдөөнүн жыйынтыктарын коргоого даярдоо жана сунуштоо. | - салыштыруу;<br>- анкета<br>- тестирлөө;<br>- рейтинг;<br>- математикалык, статистикалык |

Анын биринчи констатациялоочу этабынын иликтөө иштери 2000-2003-жылдары Каракол шаарындагы № 5 Нариманов, № 9 Дружба атындагы орто мектептерининин жана К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун окутуучулары менен өткөрүлдү. Ал эми, экинчи изденүүчү этабындагы иликтөөлөр 2003-2008-жылдары К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун, С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогикалык факультеттериндеги бүтүрүүчү курстардын студенттери менен жүргүзүлдү.

Изденүүчү эксперименттен алынган жыйынтыктардан улам, калыптандыруучу эксперимент 2008-2010-жылдары уюштурулуп, ал дагы К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун, С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогикалык факультеттериндеги бүтүрүүчү курстардын студенттери менен өткөрүлдү.

Констатациялык эксперименттин натыйжалары төмөнкүлөрдүн көрсөттү:

- компетенттүүлүккө негизделген жогорку үчүнчү муундагы жогорку педагогикалык билим берүү стандарттарында болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө функциясы, компетенциялары атайын белгиленген эмес;
- жогорку педагогикалык билим берүү боюнча окуу пландарда болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларын калыптандырууга багытталган атайын дисциплина жок;
- Кыргызстандын университеттеринде (ЖОЖдордо) кеңири колдонулуп келген жана азыр да колдонулуп келе жаткан орус тилиндеги Г.И. Щукина, Ю.К. Бабанский, И. Подласый, И.П. Пидкасистый В.А. Сластенин, И.Ф. Харламов, В.И Смирнов, С.Л. Вигмандарга таандык педагогика окуу китептеринин программаларынын мазмунунда болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларын калыптандырууга өбөлгө болуучу илимий-методикалык билимдер жетишээрлик долбоорлонгон эмес;
- жогоркудай эле көрүнүш кыргыз тилинде Т. Сияев, Э. Мамбетакунов, Б. Апышев, М.Р. Рахимовалар тарабынан жарыяланган окуу китептерде да орун алган;
- жогорку окуу жайларында болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларын калыптандыруу практикасында концептуалдуу

стратегияларга, теориялык концепцияларга караганда өздөрүнүн интуитивдик тажрыйбаларына негизденүү үстөмдүк кылат;

- жогорку окуу жайларында болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларын калыптандыруу практикасында үй-бүлөлөр менен байланыш түзүү алардын тажрыйбаларын үйрөнүү, бул багыттагы практикалык даярдыгын камсыздоо иши системдүү жолго коюлган эмес;

Тажрыйбалардын анализинен келип чыккан ой корутундуларыбыз бүтүрүүчү курстун студенттеринин ата-энелер менен иштөө компетенцияларын калыптаныш деңгээлдерин аныктоого багытталган иш-аракеттерибиз аркылуу да тастыкталды. Алардын арасында бир да студент ата-энелер менен иштөө компетенцияларынын жогорку деңгээлин көрсөтө алган жок.

Ошентип, теориялык анализ жана констатациялоочу эксперименттен келип чыккан ой корутундулар болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларын атайын калыптандыруунун максат милдеттерин, мазмунун методдорун иштеп чыгуу сыноодон өткөрүү зарылдыгын шарттады. Калыптандыруучу эксперимент болочок мугалимдерде диссертациябызда аныкталган болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларынын компоненттерин аныкталган критерийлерге ылайык калыптандыруунун педагогикалык шарттарын айкындоо жана апробациядан өткөрүүгө багытталды.

Эксперименталдык-тажрыйба иштери кадимки окуу-тарбия процессинин ичинде өткөрүлдү жана билим берүүнүн бардык жылдарын камтыды.

Болочок мугалимдеридин ата-энелер менен иштөө компетенцияларынын баштапкы абалын жана калыптаныш динамикасын аныктоо үчүн 5-курстарда мамлекеттик-педагогикалык практикасын өтүп бүткөндөн кийин, «жыйынтык кесинди» жасадык. ( 2-таблицада берилген ).

**Таблица 2. – Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларынын эксперименталдык жана текшерүүчү топ боюнча калыптаныш деңгээлдеринин көрсөткүчтөрү**

| № | Деңгээлдери | Экспериментке чейин | | | | Эксперименттен кийин | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Эксперименттал дык топ | | Текшерүүчү топ | | Эксперименттал дык топ | | Текшерүүчү топ | |
| | | Саны | % менен | Саны | % менен | Саны | % менен | Саны | % менен |
| **1** | **Жогорку** | **19** | **20** | **17** | **18** | **40** | **44** | **25** | **27** |
| **2** | **Ортоңку** | **41** | **44** | **40** | **43** | **26** | **32** | **37** | **40** |
| **3** | **Төмөнкү** | **36** | **36** | **39** | **42** | **20** | **24** | **34** | **36** |

Калыптандыруучу эксперименттин эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн биз $X^2$ – (хи – квадрат критерийи Р.М. Немов боюнча сунушталган) критерийин колдондук, бул критерий абсалюттук эмес, орто маанилерди б.а. жыштыктык орто маанилерди, мисалы берилиштердин проценттик бөлүштүрүлүшүн

экспериментке чейин жана кийин салыштыруу керек болгондо колдонулат. Формула төмөнкү түрдө болот:

$$X^2 = \sum_{k=1}^{m} \frac{(Vk - Pk)^2}{Pk}$$

мында Р – текшерүүчү топтордо байкоонун негизинде жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары; V – эксперименталдык топтордо байкоонун негизинде изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын жыштыктары: m –байкоонун жыйынтыктары бөлүнгөн, топтордун жалпы саны [192, 512 –б.][3].


Биздин учурда Р – төмөнкү маанилерди түзөт: 20%, 44%, 36%, ал эми Vk- өзгөрмөсү төмөнкү маанилерди түзөт: 44%, 32%, 24%.

Биз алган $X^2 =$ 36,85 (35%) мааниси, 0,005% тен кичине, мүмкүн болуучу ката ыктымалдык учурунда 14,52 ни түзгөн, m - 1 = 2 эркиндик даражасынын таблицалык маанисине дал келет.

Демек, тажрыйбалык эксперименттик иштин жыйынтыктары сандык жана сапаттык талдоо байкоо этабында эксперименттик жана текшерүүчү топтордо компетенттүлүктөрүнүн калыптаныш деңгээли бирдей, ал эми калыптандыруучу этабында эксперименттик топтордо компетенттүүлүк деңгээли текшерүүчү топтордо деңгээлинен жогору деген жыйынтыкка келебиз. Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандырууда айкындалган шарттарды ишке киргизүү эксперименттик иште эффективдүү натыйжа бергендигин көрсөтүп турат.

Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандырууда айкындалган педагогикалык шарттарды ишке киргизүү динамикасы эксперименттен кийинки жыйынтыктары 2 - сүрөттө диаграмма түрүндө берилген.

[3] Немов, Р.С. Психология. Том.3. М:.-Издательство Владос.1998.- С-150.




**Сүрөт 2. Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларынын калыптаныш деңгээлдеринин диаграммасы**

Таблицада көрүнүп тургандай, эксперименталдык иштерди жүргүзгөнгө чейин болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүнүн калыптандыруу деңгээлдери эксперименталдык жана текшерүүчү топто айырмаланбайт. Экспериментке чейин эксперименталдык группаларда болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүнүн калыптануу деңгээлинин этабы төмөнкү көрсөткүчтөрдү төмөнкү - 36%, ортоңку - 44%, жогорку - 20% ти, ал эми текшерүүчү топто төмөнкү - 42%, ортоңку - 43%, жогорку - 15% ти түздү. Эксперименталдык топто эксперименталдык окууларды (тажрыйбаларды) жүргүзгөндөн кийин, болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүнүн калыптануу деңгээлинин мүнөздөмөсү төмөнкүдөй болду: төмөнкү - 24%, ортоңку - 32%, жогорку - 44%. Ошол эле убакта бул көрсөткүчтөр текшерүүчү топто өзгөргөн жок.

Эксперименталдык жумуштардын соңунда студенттер тарабынан алардын өзүн ата-энелер менен иштөөгө даярдоого багытталган каражаттардын ар биринин эффектүүлүгүн баалоо иштерин өткөрдүк. Эң жогорку балга «Болочок мугалимдин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу» - атайын курсу, аталган багыттагы педагогикалык ишмердүүлүктү моделдештирген активдүү окутуу методдору, педагогикалык практика ээ болгон. Демек, тажрыйбалык-эксперименттик иштин жыйынтыктары болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандырууда биз тарабынан айкындалган шарттардын эффективдүү экендигин тастыктады.

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларын калыптандыруу боюнча төмөндөгүдөй тыянакка келдик:

1. Илимий изилдөөлөргө талдоо жүргүзүлүп, калыптанып калган көз караштарды жана өзүбүздүн субъективдүү пикирлерибизди талдоонун негизинде «педагогикалык ишмердүүлүк», «компетенттүүлүк», «компетенция», «үй-бүлө», «кесиптик компетенттүүлүк» түшүнүктөрү такталды. Болочок мугалимдердин кесиптик-инсандык сапаттарын калыптандыруу боюнча теориядагы жана практикадагы абалын айкындоого байланыштуу талдоолор бул маселенин көп кырдуу маселелери боюнча изилдөөлөр болгону менен алар инструменталдык деңгээлде директивалык материалдар, окуу-усулдук билимдер таризинде долбоорлоно электигин, муну ишке ашырууга профессордук-окутуучулар курамы да моралдык-психологиялык, мазмундук, практикалык жактан даяр эмес экендигин көрсөттү. Изилдөө процессинде аны жүзөгө ашыруунун актуалдуулугун белгилеген объективдүү социалдык өбөлгөлөр арбын экендиги ырасталды.

2. Диссертацияда топтолгон материалдарды мазмундук жана статистикалык талдоодон өткөрүү болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларынын мазмуну жана структурасы иштелип чыкты. Анын мазмунун моралдык-психологиялык, мазмундук, практикалык компоненттер түзөт. Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларынын калыптаныш критерийлери катары төмөнкүлөр айкындалды: окуу тарбия ишин ата-энелер менен биргеликте, кызматташтыкта жүргүзүүгө карата чын-ыкластуу, туруктуу мамиле; ата-энелер менен иштөө үчүн зарыл болгон психологиялык, педагогикалык, этнопедагогикалык билимдердин комплекси; ата-энелер менен иштөө үчүн зарыл болгон кесиптик билгичтиктер.

3. Теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн натыйжасында болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенцияларынын калыптандыруунун төмөнкүдөй педагогикалык шарттары айкындалды: болочок мугалимдерди ата-энелер менен биргелешип иштөө педагогикалык процесстин эң зарыл компоненти экендигине жана бул багыттагы кесиптик компетенцияларын дамамат өркүндөтүү билгичтигине ээ болууга ынандыруу; болочок мугалимдерди ата-энелер менен биргелешип иштөөнүн теориялык жана процессуалдык аспекттери тууралуу компетенцияларын өркүндөтүү максатында жогорку педагогикалык билим берүүнүн мазмунуна жана технологияларына олуттуу коррективаларды киргизүү; болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана технологиялык аспекттерин түгөл ичине алган жана аларды реалдуу кырдаалдагы практикалык ишмердүүлүккө үйрөтүүгө багытталган атайын курсту ишке киргизүү; педагогикалык практиканын мазмунун болочок мугалимдердин ата-энелер субъективдүү өз алдынча ишмердүүлүк тажрыйбасын калыптандыруу багытында өркүндөтүү.

4. Изилдөөнүн жыйынтыгы окуу-тарбия ишмердүүлүгүндө колдонууга боло турган төмөнкүдөй **сунуштар** берилди:

- социалдык-гуманитардык жана психологиялык-педагогикалык дисциплиналардын жумушчу программаларын долбоорлоодо жана студенттердин билимдерин өлчөп баалоодо алардын ата-энелер менен иштөө компетенциялары кылдат эске алынышы зарыл;
- «Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу атайын курсту ЖОЖдо бардык педагогикалык адистиктерге сунуш кылмакчыбыз.
- Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандырууну аларды үй-бүлөлүк турмушка даярдоо менен тыгыз байланышта алып баруу зарыл;
- Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөөгө даярдоодо балдарды тарбиялоодо чоң ийгиликтерге жетишкен ата-энелердин салттуу педагогикалык билимдерине жана тажрыйбасына да таянуу шарт.

Мындан тышкары жогорку педагогикалык билим берүүнүн мазмунун жана технологияларын изилденип жаткан теманын алкагында өркүндөтүү боюнча сунуштар биз тарабынан жарыяланган макалаларда да кеңири чагылдырылган.

**Диссертациялык изилдөөлөрдүн мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**

1. Карасартова, Ж.Б. Балдарды тарбиялоодо үй-бүлөө педагогикалык система катары [Текст] / Ж.Б. Карасартова, У.А. Боталиева // Кыргыз тили жана адабияты. – Каракол, 2007. – № 11. – 243-247-бб.

2. Карасартова, Ж.Б. Мугалимдердин чеберчелигин калыптандырууда педагогикалык осуяттардын мааниси [Текст] / Ж.Б. Карасартова, У.А. Боталиева // Вестник ИГУ: Материалы Международной научно-практической конференции. – Каракол-Москва, 2007. – №18. – 179-183-бб.

3. Карасартова, Ж.Б. Балдарды этнопедагогикалык идеяларга тарбиялоодо мектеп жана үй-бүлөнүн ролу [Текст] / Ж.Б. Карасартова // Вестник ИГУ. – Каракол, 2010. – № 25. – 171-175-бб.

4. Карасартова, Ж.Б. Болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу өзгөчөлүктөрү [Текст] / Ж.Б. Карасартова // Вестник КАО – Бишкек, 2010. – №2(14). – 41-45-бб.

5. Карасартова, Ж.Б. Болочок мугалимдердин жалпы билим берүүчү мектептерде ата-энелер менен иш алпаруу өзгөчөлүктөрү [Текст] / Ж.Б. Карасартова // Вестник КАО. – Бишкек, 2010. – №2 (14). – 119-124-бб.

6. Карасартова, Ж.Б. Алты жаштагы балдарды тарбиялоодо мектеп жана үй-бүлөнүн ролу [Текст] / Ж.Б. Карасартова // Вестник БГУ. – Бишкек, 2010. – №1(16). – 30-32-бб.

7. Карасартова, Ж.Б. Балдардын карым-катнаш маданияттын калыптандырууда үй-бүлөнүн ээлеген орду [Текст] / Ж.Б. Карасартова // Вестник БГУ. – Бишкек, 2010. – №1(16). – 36-39-бб.

8. Карасартова, Ж.Б. Болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн этнопедагогикалык багытта калыптандыруу өзгөчөлүктөрү [Текст] / Ж.Б. Карасартова, Ж.Ж. Осмонкулова // Вестник ЫГУ: Материалы Международной научно-практической конференции. – Каракол, 2010. – № 26. – 264-268-бб.

9. Карасартова, Ж.Б. Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иш алпарууда педагогикалык маселелери [Текст] / Ж.Б. Карасартова // Вестник ИГУ. – Каракол, 2010. – №28. – 95-101-бб.

10. Карасартова, Ж.Б. Формирование профессиональной компетентности у будущих учителей в работе родителями [Текст] / Ж.Б. Карасартова // Вестник СГПИ. – Семей, 2010. – №1(17). – С. 13-16.

11. Карасартова, Ж.Б. Роль кыргызской этнопедагогики в совместной деятельности учителей и родителей [Текст] / Ж.Б. Карасартова // Вестник СГПИ. – Семей, 2010. – №1(17). – С. 17-21.

12. Карасартова, Ж.Б. ЖОЖдо болочок мугалимдерди калыптандырууда гумандуулук компетенттүүлүктүн өзгөчөлүктөрү [Текст] / Ж.Б. Карасартова // Вестник КГУ им.Арабаева. – Бишкек, 2010. – №1. – 97-101-бб.

13. Карасартова, Ж.Б. Мектепте кесипти тандоодо үй-бүлөө жана ата-эненин багыт берүү өзгөчөлүктөрү [Текст] / Ж.Б. Карасартова // Вестник ИГУ. – Каракол, 2011. – №29. – 93-97-бб.

14. Карасартова, Ж.Б. Азыркы учурда ата-энелер менен иштөөдө болочок мугалимдердин компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы билим берүү технологиясы [Текст] / Ж.Б. Карасартова // Вестник ИГУ. – Каракол, 2011. – №30. – 51-55-бб.

15. Карасартова, Ж.Б. Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетентүүлүгүн калыптандыруу өзгөчөлүктөрү [Текст] / Ж.Б. Карасартова // Вестник КГУ им. Арабаева. – Бишкек, 2012. – №2. – 187-189-бб.

16. Карасартова, Ж.Б. Сущность и содержание профессиональной компетентности у будущего учителя в вузе [Текст] / Ж.Б. Карасартова, Е.Г. Малкина // Вестник ИГУ. – Каракол, 2012. – №31. – С. 164-170 с.

Карасартова Жыргал Белековнанын «Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясыялык изилдөөсүнүн

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** ата-эне, тарбия, болочок мугалим, компетенция, калыптандыруу, үй-бүлө, кесиптик компетенттүүлүк.

**Изилдөөнүн максаты:** Жогорку окуу жайларда болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын айкындоо.

**Изилдөөнүн объектиси:** Жогорку окуу жайларда болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары.

**Илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:** мугалимдердин ата-энелер менен иштөө боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун социалдык-педагогикалык өбөлгөлөрү анализденди; болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн мазмуну, компоненттери, критерийлери, деңгээлдери аныкталды; студенттердин ата-энелер менен иштөө боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун психологиялык-педагогикалык шарттары айкындалды; изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде Кыргызстандын жогорку педагогикалык билим берүүчү окуу жайларынын шартында болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** болочок мугалимдерди башталгыч класс окуучуларынын ата-энелери менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын ишке киргизүүнүн методикасы иштелип чыккандыгы; «Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө кометенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу атайын курстун окуу-методикалык комплекси түзүлүп ишке киргизилгендиги; Студенттер үчүн сабактардын алкагында жана педагогикалык практика мезгилинде ата-энелер менен иштөө боюнча методикалык кеңештер, сунуштар иштелип чыккандыгы менен аныкталат.

# РЕЗЮМЕ


Диссертационного исследования Карасартовой Жыргал Белековны на тему “Формирование профессиональной компетентности будущего учителя к работе с родителями” на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования

**Ключевые слова:** родители, воспитания, будущий учитель, компетенция, формирование, семья, профессиональная компетентность.

**Цель исследования:** теоретически обосновать и экспериментально проверить педагогические условия, способствующие формирование профессиональной компетентности будущего учителя по работе с родителями.

**Объект исследования:** Процесс формирования профессиональной компетентности будущих учителей в вузе.

**Предмет исследования**: Педагогические условия формирования компетентности будущих учителей к работе с родителями.

**Научная новизна и теоретическая значимость исследования:**

определены содержание, комоненти, критерии и показатели профессиональных компетенций будущего учителя к работе с родителями; выявлены и экспериментально обоснованы педагогические условия формирования формирования профессиональной компетентности будущего учителя по работе с родителями; на основе результатов исследования разработаны научно-практические рекомендации по формированию профессиональных компетенций будущего учителя к работе с родителями в вузе.

**Практическая значимость** выполненной диссертационной работы заключается в том, что содержащиеся в ней теоретические выводы и научно-педагогические материалы по рекомендации по формированию профессиональных компетенций будущего учителя к работе с родителями могут быть использованы и применены в деятельности вузов в процессе совершенствования содержания психолого-педагогических и методических дисциплин, в организации непрерывной педагогической практики, учебной и научно-исследовательской деятельности студентов. Результаты исследования могут быть использованы при подготовке учебных планов, учебно-методических пособий методистами, практиками и научными работниками, написании учебных пособий для студентов педагогических вузов, повышении квалификации учителей.

## RESUME

Dissertation work Karasartova Jyrgal Belekovny "Shaping the future teachers to work with parents" for the degree of candidate of pedagogical sciences, specialty 13.00.01. - general pedagogy, history of pedagogy and education.

**Key words**: parents, education, future teacher, competencies, formation, family, professional competence.

**The purpose of the study**: Rationale pedagogical conditions for the formation of future teachers in high school to work with parents.

**The object of the study**: The process of formation of professional competence of future teachers at the university.

**The subject of the research**: Pedagogical conditions of formation of future teachers to work with parents.

**Scientific novelty and theoretical value:** Defined theoretical and practical conditions for the formation of future teachers to work with parents revealed the

content, structure, criteria, level of "professional competence" of the future teachers to work with parents identified psycho-pedagogical conditions of formation of professional competence of future teachers to work with parents on the basis of conclusions of the study developed scientific guidelines for the formation of professional competence of future teachers to work with parents in higher educational institutions in Kyrgyzstan.

**The practical value of the study**: it provides a high school science guidelines of having a theoretical basis and practical testing of the formation of professional competence of future teachers to work with parents. Recommendations proposed by analyzing the state standards, textbooks, can be used in improving the state standards, curricula, textbooks, on the formation of professional competence of future teachers to work with parents.